# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 3-октябры Бишкек шаары

**№25**

**Административдик, жарандык жана экономикалык иштер боюнча кайтадан *(жаңыдан)* ачылган жана жаңы жагдайлар боюнча соттук актыларды кайра кароо жөнүндө арыздарды кароонун тартиби тууралуу.**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму соттор тарабынан административдик, жарандык жана экономикалык иштерди кароодо мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларды кайтадан *(жаңыдан)* ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыздарды (сунуштарды) кароодо соттук практикада келип чыккан маселелерди эске алуу менен, ошондой эле туура жана бир түрдүү соттук практиканы камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Мыйзамынын 18-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму токтом кылат:

**1.** Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси жана Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодекси бузулган укуктарды натыйжалуу калыбына келтирүү максатында биринчи, апелляциялык жана кассациялык инстанциялардагы соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо мүмкүнчүлүгүн караштыргандыгына соттордун көңүлү бурулсун.

Кайтадан (жаңыдан) ачылган жагдайлар - бул сот актысын кабыл алуу учурунда болгон, бирок арыз ээсине белгисиз же белгилүү болуусу мүмкүн эмес болгон, иш үчүн олуттуу мааниге ээ болгон жагдайлар.

Жаңы жагдайлар-бул сот актысы кабыл алынгандан кийин пайда болгон иш үчүн олуттуу мааниге ээ болгон жагдайлар.

Каралып жаткан иш үчүн жагдайлар кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы болуп саналабы деген маселени сот ар бир конкреттүү учурда иштин материалдарын жана арыз ээси берген документтерди эске алуу менен чечет.

**2.** КР ЖПКнин 372-беренесине жана КР АПКнин 267-беренесине ылайык, кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча жарандык, экономикалык жана административдик иштер боюнча биринчи, апелляциялык жана кассациялык инстанциялардагы соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары кайра каралышы мүмкүн, б.а. соттун чечимдери жана иштин маңызы боюнча чыгарылбаган, даттануусу КР ЖПКнин жана КР АПКнин нормаларында түздөн-түз каралган же болбосо иштин жылышына тоскоолдук кылган аныктамалар кайра каралышы мүмкүн.

Демек, кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча төмөнкү аныктамалар кайра каралышы мүмкүн: доону кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама; иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө аныктама; доону кароосуз калтыруу жөнүндө аныктама.

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 11-январындагы №3 Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык доону берүүгө доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү же калыбына келтирүүдөн баш тартуу жөнүндө аныктамалар дагы кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра каралууга жатат.

Ошону менен бирге, соттор Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2021-жылдын 17-мартындагы №9-р жана 2023-жылдын 27-декабрындагы чечимдеринде белгилеп кеткен укуктук позициясына ылайык соттун чечимин жокко чыгаруу жана кайтадан (жаңыдан) ачылган жагдайларга байланыштуу өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө соттук актыларды кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароого мүмкүнчүлүк берүү зарылдыгын соттордун эске алуусу керек.

3. Кайтадан (жаңыдан) ачылган жагдайлар жана жаңы жагдайлар боюнча: карызкорго карата администрациялоо жол-жобосун колдонууга, анын натыйжасында карызкордун жоюлушуна жана юридикалык жактардын мамлекеттик реестринен чыгарылышына алып келген, мыйзамдуу күчүнө кирген банкроттук жөнүндө иштер боюнча сот актылары (КР ЖПКнин 373-бер. 3-бөл., 374-бер. 3-бөл.); шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктарын коргоо жөнүндө иштер боюнча жана судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө Судьялар кеңешинин чечимдерин даттануу боюнча соттун чечими жана кассациялык инстанциядагы соттун токтому (КР АПКнин 203-бер. 11-бөл., 205-бер. 9-бөл.); аткаруу документтерин аткарууда сот аткаруучусунун токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштер боюнча соттук актылар (КР АПКнин 211-6 бер. 4-бөл.) кайра кароого жатпайт.

**4.** Биринчи, апелляциялык жана кассациялык инстанциялардагы соттордун сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароодон баш тартуу жөнүндө аныктамалары кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароого жатпайт.

**5.** Мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кайра кароо үчүн негиз болуп саналган кайтадан (жаңыдан) ачылган жана жаңы жагдайлардын толук тизмеси жарандык жана экономикалык иштер боюнча - КР ЖПКнин 373-беренесинин 2-бөлүгүндө, 374-беренесинин 2-бөлүгүндө, административдик иштер боюнча - КР АПКнин 268 беренесинин 2-бөлүгүндө, 269-беренесинин 2-бөлүгүндө камтылган.

Көрсөтүлгөн тизме кеңири чечмеленүүгө жатпайт.

Мында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 3-майындагы чечими менен КР ЖПКнин 373-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту "прокурордун, тергөөчүнүн" деген сөздөр менен баяндалган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 57-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 94-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы деп таанылгандыгын эске алуу керек.

**6.** КР ЖПКнин 373-беренесини 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо үчүн негиз болуп ишти чечүү үчүн олуттуу мааниге ээ болгон, талашылып жаткан сот актысын кабыл алуу учурунда арызданууучуга белгисиз же белгилүү болушу мүмкүн эмес болгон документ эсептелет.

Ушуга байланыштуу, берилген документти кайтадан (жаңыдан) ачылган жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо үчүн негиз катары таануу жөнүндө маселени чечүүдө көрсөтүлгөн документти түзүү же берүү убактысы (датасы) эмес, талашка түшкөн сот

актысын чыгаруу учурунда болгон, бирок сотко жана арыз ээсине белгисиз болгон жагдайдын (юридикалык фактынын) болушу олуттуу мааниге ээ экендигин соттор эске алышы керек. Бул учурда документтин өзүнө эмес, ошол документте белгиленген жагдайга баа берилет.

7. Соттор КР ЖПКнин 374-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна, КР АПКнин 269-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо үчүн негиз болгон соттун же башка органдын актысын жокко чыгарылышы гана жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо үчүн жетишсиз экендигин, сот актысын же болбосо башка органдын актысын жокко чыгарылышы сот ишинин акыркы натыйжасына кандай таасир тийгизээрин эске алышы керек.

**8.** Сот актылары формалдуу негиздер боюнча жокко чыгарылышы мүмкүн эмес. Жагдай кайтадан (жаңыдан) ачылган деп табуу үчүн сот тарабынан төмөнкү фактылар аныкталууга тийиш:

-жагдай (юридикалык факт) сот актысы чыгарылган учурда объективдүү болгон;

-арыз ээсине ал жөнүндө соттук териштирүү учурунда белгисиз жана белгилүү болушу мүмкүн эмес болгон;

-жагдай ишти кароо үчүн олуттуу мааниге ээ, башкача айтканда анын болушу башка соттук актыны чыгарууга жол бермек.

**9.** Сот актысын кабыл алууда изилденбеген жаңы далилдер кайтадан (жаңыдан) ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо үчүн негиз болуп саналбайт, себеби алардын берилиши каралып бүткөн сот иште болгон далилдерди кайра баалоого багытталган.

Эгерде мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыздан сот актысы сот тарабынан материалдык же процесстик укуктук ченемдерин туура эмес колдонуу жүйөлөрү боюнча талашылып жаткандыгы аныкталса, көрсөтүлгөн жүйөлөр кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар деп таанылышы мүмкүн эмес, анткени алар иш жүзүндө арыз ээсинин кабыл алынган сот актысы менен макул эместигин гана күбөлөндүрөт.

**10.** КР ЖПКнин 372-бер.жана КР АПКнин 270-бер. ылайык биринчи, апелляциялык жана кассациялык инстанциялардагы соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча ушул актыларды кабыл алган сот тарабынан кайра каралат.

Соттун чечимин өзгөрткөн же жаңы чечим кабыл алынган апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы соттордун сот актыларын кайтадан (жаңыдан) ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо аталган соттор тарабынан жүргүзүлөт.

**11.** КР ЖПКнин 41-Главасынын, КР АПКнин 27-Главасынын тартибинде мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кайра кароо жөнүндө арыз (сунуштама) менен сотко кайрылуу укугуна ишке катышуучу жактар (административдик процесстин катышуучулары) ээ. (КР ЖПКнин 36-бер., КР АПКнин 26-бер.).

КР ЖПКнин 47-беренесинин 1-бөлүгүнө жана КР АПКнин 37-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык укук улантуучулук процесстин кандай болбосун стадиясында мүмкүн болгондуктан, ишке катышкан жактардын процесстик укук улантуучулары да мыйзамда белгиленген учурларда аталган арыздар менен кайрылууга укуктуу.

Мындай учурда укук улантуучу сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо боюнча арыз менен кайрылууда, ошону менен бирге сотко аны укук улантуучу деп таануу жөнүндө кайрылууга милдеттүү.

Сот КР ЖПКнин 47-беренесинин 1-бөлүгүнө, КР АПКнин 37-беренесине ылайык жүйөлөнгөн аныктамасы менен чыгып калган процесстин катышуучусун анын укугун улантуучу менен алмаштырат жана андан кийин кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө коюлган талапты чечет.

Жакты укук улантуучу деп таанудан баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылган учурда сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз КР ЖПКнин 379-1 беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун жана КР АПКнин 274-беренесинин 4-пунктунун негизинде арыз ээсине кайтарылат.

Эгерде иш чөйрөсү аныкталбаган жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын, мамлекеттик же коомдук кызыкчылыктарды коргоо үчүн берилген прокурордун доосу боюнча козголсо же эгерде прокурор каралып жаткан ишке процесстин кандай болбосун стадиясында киришсе, прокурор мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө сунуш менен сотко кайрылууга укуктуу (КР ЖПКнин 48-бер. 1,2,4-бөл. жана КР АПКнин 42-бер. 1,3 бөл.).

Жарандык, экономикалык же административдик ишти кароо учурунда ишке катышпаган жана ишке катышууга тартылбаган жак тарабынан арыз же прокурор тарабынан сунуштама берилгенде, мындай арыз (сунуштама) КР ЖПКнин 379-1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун жана КР АПКнин 274-беренесинин 4-пунктунун негизинде кайтарылууга жатат.

**12.** Кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызда (сунуштамада) төмөнкүлөр камтылууга тийиш: кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра каралууга тийиш болгон сот актысын так көрсөтүү; арыз (сунуштама) берүү үчүн КР ЖПКнин 373, 374-беренелеринде жана КР АПКнин 268, 269-беренелеринде каралган негиздерди көрсөтүү; арыз (сунуштама) берүү мөөнөтүнүн сакталгандыгы жөнүндө маалыматтар; жагдайларды кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы деп таануу, сот актысын жокко чыгаруу жана ишти кайра кароо өтүнүчү; арыздын (сунуштаманын) көчүрмөсүн жана ага тиркелген документтерди процесстин катышуучуларына жибергендигинин далилдери. Арызга (сунуштамага) ал негизделген документтердин түп нускасы же талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү тиркелет.

**13.** Соттор Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы №90 "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 141-беренесинин 1-бөлүгүнүн 15-пунктунун “б” пп., КР ЖПКнин 41-Главасынын жана КР АПКнин 27-Главасынын негизинде жеке жана юридикалык жактар сотко кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча соттук актыларды кайра кароо жөнүндө арыздарды (сунуштамаларды), ошондой эле көрсөтүлгөн арыздарды (сунуштамаларды) кароонун жыйынтыгы боюнча чыгарылган биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттун аныктамаларына жеке жана кассациялык даттанууларды берген учурда мамлекеттик алымдан бошотулгандыгын эске алышы керек.

**14.** Кайтадан **(**жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө арыз (сунуштама) процесстин катышуучулары тарабынан биринчи инстанция боюнча ишти караган сотко, кайра кароо үчүн негиз болгон жагдайлар белгиленген күндөн тартып үч айдын ичинде берилет (КР ЖПКнин 376-бер., КР АПКнин 271-бер.).

КР ЖПКнин 379-1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна жана КР АПКнин 274-

беренесинин 3-пунктуна ылайык, эгерде арыз (сунуштама) белгиленген үч айлык мөөнөт өткөндөн кийин берилсе жана өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү өтүнмөнү камтыбаса, анда ал кайтарылууга тийиш.

Сот отурумунда өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө өтүнмөнү кароодо соттор КР ЖПКнин 377-беренесинин жана КР АПКнин 273-беренесинин талаптарын эске алуу менен өткөрүп жиберүүнүн себептеринин жүйөлүүлүгүнө баа бериши керек.

Эгерде арызды (сунуштаманы) берүү мөөнөтү жүйөлүү себепсиз өткөрүлүп жиберилсе жана калыбына келтирилүүгө тийиш болбосо, сот өткөрүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартууга тийиш.

Мындай учурда, сотко кайрылуу мөөнөтүн жүйөлүү себептерсиз өткөрүп жиберүү кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды (сунуштаманы) кайтарууга негиз боло албайт жана арызды (сунуштаманы) канааттандыруудан баш тартуу үчүн өз алдынча негиз болуп саналат.

КР ЖПКнин 374-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарында КР АПКнин 269-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1,4 пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлардын негизинде жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө арыз берилген учурда, аталган жагдайлардын аныкталган датасы катары, соттук актылар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун же Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайттарында жарыяланган күндөн эсептелиши керек.

**15.** Сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды (сунуштаманы) сот ал келип түшкөн күндөн тартып соттук жыйналышта отуз күндүк мөөнөттө - жарандык жана экономикалык иштер боюнча жана бир айлык мөөнөттө - административдик иштер боюнча кароого тийиш (КР ЖПКнин 214-1-бер.2-бөл., 378-бер., КР АПКнин 275-бер.).

Арыз ээси жана процесстин башка катышуучулары (ишке катышуучу жактар) соттук жыйналыштын убактысы жана орду жөнүндө кабардар кылынат, бирок алардын келбегендиги арызды (сунуштаманы) кароого тоскоолдук болбойт.

Көрсөтүлгөн арыздар боюнча ишти соттук териштирүүгө даярдоо жана алдын ала соттук жыйналыш (КР ЖПКнин 150, 154-бер., КР АПКнин 121, 125-бер.) жүргүзүлбөйт.

**16.** КР ЖПКнин 41-Главасында, КР АПКнин 27-Главасында кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыздарды (сунуштамаларды) кароосуз калтыруу мүмкүнчүлүгү каралбагандыктан, соттор көрсөтүлгөн арыздар (сунуштамалар) КР ЖПКнин 222-беренесине жана КР АПКнин 189-беренесине таянуу менен кароосуз калтырылышы мүмкүн эместигин эске алышы керек.

Соттук жыйналыштын датасы, убактысы жана орду жөнүндө тийиштүү түрдө кабардар болгон сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз (сунуштама) берген жак соттук жыйналышка келбей калганда жана аны кайра алуу жөнүндө өтүнүч жок болгондо кезде, арыз (сунуштама) КР ЖПКнин 378-беренесинин жана КР АПКнин 275-беренесинин негизинде каралууга тийиш.

Сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз (сунуштама) берген жактан аны кайтарып алуу жөнүндө арыз келип түшкөн учурда, ал КР ЖПКнин 379-1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана КР АПКнин 274-беренесинин 6-пунктунун негизинде кайтарылууга жатат.

**17.** КР ЖПКнин 379-беренесинин 1-бөлүгүнө, КР АПКнин 276-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык сот кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды (сунуштаманы) карап чыгып, аны канааттандырат жана сот актысын жокко чыгарат, же болбосо кайра кароодон баш тартат.

Эгерде жогору турган инстанциядагы сот кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды (сунуштаманы) канааттандыруу жөнүндө аныктамага апелляциялык же кассациялык даттанууну (сунуштаманы) кароодо бул аныктаманын негизсиз экендиги жөнүндө тыянакка келсе, анда ал аны жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат жана ошол эле учурда ишти жаңыдан кароого жибербестен, кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө арызды канааттандыруудан баш тартат.

Кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө арызды (сунуштаманы) канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө аныктамага апелляциялык же кассациялык даттанууну (сунуштаманы) кароодо, эгерде жогору турган инстанциядагы сот бул аныктаманын негизсиздиги жөнүндө тыянакка келсе, анда ал аныктаманы жокко чыгарат, кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды канааттандырып, арыз ээси тарабынан кайра кароо жөнүндө маселе коюлган соттук актыны жокко чыгарат жана ишти тиешелүү сотко жөнөтөт.

Биринчи, апелляциялык, кассациялык инстанциялардагы соттордун сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды (сунуштаманы) канааттандыруусу бул инстанциядагы сот үчүн белгиленген процесстик эрежелер боюнча ишти кайра кароо үчүн негиз болуп саналат.

**18.** Биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун соттук актыны кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды (сунуштаманы) канааттандыруу же канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө аныктамаларына КР ЖПКнин 39 жана 40, КР АПКнин 24-Главаларында каралган тартипте даттануу берилиши мүмкүн.

Биринчи инстанциядагы соттун аныктамаларына даттануу берүүнүн мөөнөтү аныктама чыгарылган күндөн тартып 10 күндү түзөт.

Апелляциялык инстанциядагы соттун аныктамалары кассациялык тартипте жарандык жана экономикалык иштер боюнча алар кабыл алынган күндөн тартып - отуз күндүк мөөнөттө, ал эми административдик иштер боюнча – бир айдын ичинде даттанылышы мүмкүн (КР ЖПКнин 347-бер.1-бөл., 353-бер.2-бөл., КР АПКнин 242-бер. 1-бөл.)

**19.** Эгерде сактоо мөөнөтү аяктагандан кийин жок кылынган иш боюнча сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз (сунуштама) келип түшсө, анда мындай арыз (сунуштама) кайтадан каралууга жаткан соттук актынын түп нускасы же анын тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү болгон учурда гана каралууга жата тургандыгын соттор эске алышы керек.

Соттук актынын түп нускасы же тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү жок болгон учурда сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз (сунуштама) КР ЖПКнин 214-6-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык кайтарылууга тийиш.

Мындай учурда арыз ээси КР ЖПКнин 319-321-беренелеринин тартибинде жоголгон сот өндүрүшүн калыбына келтирүү жөнүндө арыз менен тиешелүү сотко кайрылышы

керек. Жоголгон сот өндүрүшүн калыбына келтирүү жөнүндө арыз канааттандырылган учурда гана арыз ээси калыбына келтирилген сот актысын кайтадан (жаңыдан) ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кароо жөнүндө арыз (сунуштама) менен сотко кайрылууга укуктуу.

**20.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун сайтына расмий жарыялангандан кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**